**О.Текеев атындагы орто мектебинин мугалимдер жамаатынын педагогикалык кенешмесинин**

**№ 1 протоколу.**

**Катышкандардын саны: 19**

**Букара айылы**

**30-август 2022-жыл**

**Кун тартибинде**

1. 2021-2022-окуу жылындагы жылдык пландын анализин талкулоо
2. 2022-2023- окуу жылы үчүн жылдык планды бекитүү.
3. 2022-2023 окуу жылы үчүн мугалимдердин окуу жүктөмүн базистик план боюнча бөлүштүрүү, бекитүү
4. 2022-2023-окуу жылынын милдеттери жана максаттары.
5. Үйдөн окутуу боюнча мугалимдерди дайындоо
6. 2022—2023-окуу жылына карата Базистик окуу планындагы мектеп компонентин берүү жөнүндө

Биринчи маселе боюнча сөз мектептин окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Канболот кызы Рыскулго берилди. Ал өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду.2021-2022-окуу жылында мектепте жалпы 208 окуучу аяктады алардын ичинен 1-4-классты 101 окуучу 5-9-класстарды 77 окуучу 10-11-класстарда 30 окуучу. Билим сапаты боюнча 39 % түздүк катышуу сапатыбыз 100% болду. Алардын ичинен 29 отличник жана 49 ударник аяктады. Былтыркы окуу жылында райондук олимпиадада 1 орунга ээ болдук.

2021-2022-окуу жылына карата метод жетекчилер да өз отчетторун беришти

(Тиркемеси тиркелет)

Экинчи маселе боюнча сөз мектеп директору Бейшекеева Н.М берилди. Ал өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду. 2022-2023-окуу жылына карата мектептин иш планы түзүлгөн Быйылкы жылы ушул пландын негизинде иш алып барабыз. Жалпы мектептин иш-планы менен мугалимдер жамаатын тааныштырып өттү.

**Угулду:** Ар бир мугалим өздөрүнүн календардык пландарын жана жылдык пландарын 5-сентябрга чейин толук бүткөрүлүүсү айтылды.

Угулду. ОТИ боюнча директордун орун басары Канболот к Р сүйлөдү. Ал өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду. Жалпы мугалимдерге сааттары бөлүштүрүлгөн.

2022-2023-окуу жылына карата мектептин максатты жана милдеттери менен баардык мугалимдер таанышышты. Мектепти максаты жана милдеттери төмөнкүлөрдөн турат.

**Жылдык иш-планды структурасы 2022-2023-окуу жылы**

**Мектептин максаты:** Заманбап технологияларды терең өздөштүрүү менен окуучулардын билим сапатын көтөрүү жана көз карашы туура калыптанган, дили таза, жан дүйнөсү бай инсанды тарбиялоо.

Мугалимдердин тажрыйбаларын жайылтуу, профессионалдуулугун арттыруу.

Мугалимдердин кесиптик жактан тынымсыз өнүгүшүнө шарттарды түзүү.

Окуучуларды нравалык маданиятка, кыргыз элинин каада-салттарын пайдаланып тарбия берүүгө жетишүү.

Окуучулардын кошумча билим алуусуна мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү.

**Милдети:**

1. Мектептин материалдык базасын чыңдоо
2. Ата-энелер менен байланышты күчөтүү аларды тарбия ишине тартуу, балдарга болгон жоопкерчилигин арттыруу
3. Мугалимдердин компьютердик сабаттуулугун өстүрүү.
4. Окуучуларда коомдо талап кылынуучу эң жөнөкөй көндүмдөрүн калыптандыруу.

(тиркемеси тиркелет)

Бешинчи маселе боюнча сөз мектеп директору Бейшекеева Н.берилди. Ал өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду. Биздин айылда эки окуучу ден соолугуна байланыштуу үйдөн окутууга муктаж. Алар 6-класстын окуучусу Кулалиева Сюзана жана 8-класстын окуучусу Бактыбек уулу Бекжан. Бул окуучулардын ата-энелери келишип балдарынын ден соолугуна байланыштуу үйдөн окуутууну суранышып арыздарын жазышты.

**Чыгып сүйлөгөндөр:** Нурдубаева Гулжан эже сүйлөдү. Кулалиева Сюзана эпилепсия оорусу менен ооруйт аны үйдөн окутуу туура.

**Чыгып сүйлөгөндөр:** Коконова Асылкан. Бактыбек уулу Бекжан ДЦП оорусу менен ооруйт ал мектепке келе албайт ошондуктан үйдөн окуталы.

**Чыгып сүйлөгөндөр:** Окуу бөлүм башчысы Канболот кызы Рыскул. Бактыбек уулу Бекжандын апасы Бөлөкбаева Ж баласынын кабыл алуусу

начар экенин айтып сабактарындагы география, биология, англис тил сабактарын өтпөй эле коюубузду суранды. Ошого байланыштуу саттарын 2саат орус тили ,1аат орус адабияты 2 саат көркөм өнөр 2саат технология, 1 саат табият таануу жана математика 2саат, 2 саат кыргыз тили жана адабяты, тарых 2саат сабактарына алмаштыралы. Быйылкы окуу жылында 6-класстын окуучусу Кулалиева Сюзананы 8 саат жүктөмү менен Бектенова Ш жана 7 саат меен Дооранбек к Б окутсун, ал эми 8-класстын окуучусу Бактыбек уулу Бекжанды Омуралиева Б эже Ажыгулова Г, эжелер үйдөн окутууга барып окутушат.

**Угулду:**

Мектеп директору Бейшекеева Н.М сөз берилди. Ал өз сөзүндө окуу планындагы мектептик компонент жөнүндө жана кайсы сабактарга берүү жөнүндө маалымат берди

Мектеп окуучуларына математика сабагын терендетип окутуу жөнүндө талкуу болду. 5-класстар үчүн математика сабагы 8-класс үчүн кыргыз адабият сабагы 10-класс үчүн кыргыз тили сабагы өткөрүлсүн. Базистик окуу планында көрсөтүлгөн мектеп компоненти 1 саат өлчөмүндө бериле тургандыгы айтылды.

**Чыгып сүйлөгөндөр:** Коконова Асылкан эже сүйлөдү. Баардык мугалимдерге быйылкы окуу жылына карата ийгиликтерди каалап иштерине чыгармачылык ийгилик каалады

**Чечим:**

1. 2021-2022-окуу жылынын анализи канааттандырарлык деп табылсын.
2. 2022-2023-окуу жылына карата иш-пландар бекитилсин.
3. Мугалимдердин саттар жогоруда айтылгандай бөлүштүрүлүп берилсин.
4. Мектептин жалпы максаттары менен милдеттерин ишке ашырууга баардык мугалимдер милдеттендирилсин.
5. Мектептин иштөө тартиби саат 8:00-15:00 деп табылсын.
6. Бактыбек уулу Бекжан менен Кулалиева Сюзана уйдон окутулсун .
7. Математика мугалими Алымбеков А 5-класста 1 саат
   Бектенова Ш.С 10-класста 1 саат
   Омуралиева Б.А 8-класста 1 саат бөлүнүп берилсин

Төрайым: Бейшекеева Н.М

Катчы: Канболот к Р